Токмок шаарынын ИИБнүн 2021-жылдын 21-июнь күнү
МККна № 03-011-2021-001224
саны менен катталган сотко чейинки өндүрүштөгү иш кагаздары боюнча
МААЛЫМАТ

2021- жылдын 20-июнь күнү [redacted] өзүнүн "Фейсбук" баракчасына " С завтрашнего дня дается официальный старт агитации назначенных выборов по трем городам Бишкек, Ош, Токмок но видимо не терпится некоторым. 11 апреля были самые честные выборы в нашем городе Токмок, но те кто хотел перевыборы видимо и расчитывали на раздачу денег и подкуп населения которое запрещено законом!! На кадрах женщина акцентирует ПП "Бирге" будут раздавать деньги, это происходит в г. Токмок на ул Бокина уч №7068, видео прислали по ватсаб!!"

Анын астына видео тасма жүктөп жарыялаган. Ал видео тасмада белгисиз бала Жамиля аттуу аял киши менен Токмок шаарынын Бокина көчөсүнүн [redacted] үйүнүн алдында экөөнүн ортосундагы болгон сүйлөшүүсүн тарткан. Видео тасмада белгисиз азиат улутундагы аял киши өзүн "Жамиля" деп тааныштырып "Бирге" саясий партиясына шайлоого ар бир кишиге 1000 (миң) сомдон берем деп баланын паспортунан аты жөнүн дептерине жазып, дагы үй-бүлөөсүн тактап беришин сурап өзүнүн уюлдук телефонунун номерин [redacted] ал балага кагазга жазып бергени тартылган.

Аталган маалымат 2021-жылдын 20- июнунда саат 22:04 мүн. Токмок ШИИБнун МККна №02-011-2021-1941 саны менен каталып, текшерүү иштери башталган.

Текшерүү учурунда Токмок шаарынын Бокина көчөсүнүн [redacted] үйүнүн алдына барып кароо протоколу түзүлүп. Ал үйдүн тургуну [redacted] ж.т. [redacted] өзүнүн түшүндүрмөсүндө 2021-жылдын 20 июнь күнү жогоруда көрсөтүлгөн даректе ал үйдү жаңы сатып алгандыгына байланыштуу үйдү ремонт кылып жаткан учурда болжолу менен саат 17:30 чамасында дарбазасынын эшиги ачык болчу, өзү эшиктин алдында шлангтан суу алайын деген учурда эшиктин алдында эки адам сүйлөшүп жаткандарын угуп караса тааныш эмес бир азиат улутундагы аял менен бир азиат улутундагы бала сүйлөшүп жаткандарын ал жерде аял киши балага шайлоодо "Бирге" саясий партиясына добуш берүү үчүн ар бир кишиге 1000 (миң) сомдон берерин айтып дептерине ал баланын паспортун алып жазып жатканда бала паспортундагы чип түшүп калды, ал паспорт менен шайлоого бара берсем болобу деп сураганда [redacted]. өзү алардын сөзүнө аралашып чип жок шайлоого болбойтко деп жооп берген. Андан соң белгисиз аял [redacted] да "Бирге" саясий партиясына добуш берүү үчүн 1000 (миң) сом берерин айтып паспортун сураганда [redacted] ал бөлөк даректе катталганын жана ошол жерден добуш берерин жана паспортун бербестигин айтканда белгисиз аял кетип калган. Жогоруда көрсөтүлгөн бала менен аялды

тааныбаганынын себеби аталган Токмок шаарынын Бокина көчөсүнүн [redacted] үйүн жаңы сатып алышкан ошондуктан ал жаткан эч кимди тааныбаганын түшүндүргөн.

2021-жылдын 26-июнь күнү аталган факт Токмок шаарынын КЖБрге № 03-011-2021-001224 саны менен Кыргыз Республкасынын КЖКнин 192 беренеси менен катталып тергөө амалдары башталган.

Тергөө учурунда, жогоруда көрсөткөн Жамиля атту аялдын өздүгүн тактоо максатында, андан тышкары ошол видеону тарткан балынын өздүгүн жана Жамиля атту аял жазган дептеринди алуу максатында Токмок шаарынын КМКна тергөө тапшырмасы берилген.

Азыркы учурунда [redacted] жүргөн жеринди тактоо үчүн, Токмок шаарынын КМК, жана 10-тобуна атайын тергөө тапшырмалары берилген.

Азыркы учурда жогоруда көрсөткөн [redacted]. Кыргыз Республикасынын ЖКнин 192-беренесинде көрсөтүлгөн кылмыш курамыны сырттан угузушу үчүн, Токмок шаарынын ИИБнүн Тергөө тарабынан Токмок шаарынын прокуратурасы менен акылдашуу масилелер өтүүдө.

Жогоруда көрсөтүлгөн маалымат боюнча азыркы учурда Токмок шаарынын ИИБмү тарабынан керектүү тергөө амалдары жүргүзүлүп жатат, текшерүүнүн жыйынтыгы менен кошумча маалымат жиберилет.

**КР ИИМнин Тергөө кызматы**